**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтымышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөөлөр институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинде 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Мамытов Токтокүчүк Болотбековичтин “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” деген темадагы диссертациясына экинчи расмий оппонент саясий илимдеринин доктору Кангельдиев Азамат Нурказыевичтин**

## ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү талаптары) менен байланышы.**

Изилдөөдө жалпысынан алганда фундаментализм жөнүндө түшүнүк өзгөчө диний феномен катарында эмес, комплекстүү социалдык-саясий феномен катары ар тараптан терең изилдөөгө алынат.

XX кылымдын аягында саясий фундаментализм, саясий радикализм, саясий экстремизм, терроризм деген өзгөчө актуалдуу жана татаал саясий феномендер кеңири илимий коомчулуктун көңүлүн өзүнө көбүрөөк бура баштады. Салыштырмалуу бул саясий феномендердин катарына диний фундаментализмдин киргизилгенине аз эле болду. Ал чет өлкөлүк, ошондой эле кыргыз саясат таануу илиминде да абдан аз изилденген, ошондуктан анын адекваттуу жана объективдүү негизин түшүндүрүү бир кыйла түйшүктүү кыйынчылыктарды жаратпай койбойт.

Азыркы учурда диний фундаментализмдин изилденишине көңүл бурулган, азыркы кездеги коомдо анын пайда болуу себептери, идеялык негиздери жана жайылтылышы каралган.

Чындыгында фундаментализмдин идеологиясын «тунук» исламдан аябай эле айырмаланган айтылуу саясий ислам менен туура эмес окшоштурушат. Дүйнө жүзүндө тар түшүндүрмө менен бир катарда фундаментализм жөнүндө жөнөкөйлөтүлгөн, көндүм болуп калган, диний, саясий жана коомдук ишмерлер макул көрүшкөн түшүнүк жайылган. Аталган түшүнүккө ылайык, фундаментализм – бул терең ишеним, диний окуу билими жана ага айныксыз берилгендик. Советтик энциклопедиялык басылмаларда «фундаментализм» деп дайыма «мурдагы идеяларга, принциптерге, тийиштүү окутуу баалуулуктарына, доктриналарга берилгендикти жарыялагандарды,

КИРИШ № ДК-24-20
« 9 » февр 2021 ж

алгачкы тазалыкты ордуна алып келүүнү, «башаттарга кайтууну» жана анын өнүгүүсүнүн жүрүшүндө пайда болгон бурмалоолорду, бузууларды, четтөөлөрдү жеңүү талабын коюшкан коомдук, идеологиялык, диний кыймылдарды» белгилешкен. Бирок мындай түшүндүрүүлөр жана аныктамалар шарттуу болуп саналат жана аталган түшүнүктүн дайындуу маани-маңызына доо келтирет, ал турмак жок кылат.

Айрым учурларда фундаментализмди конформизм деп түшүнүшөт. Бирок «негизги принциптерди» карманган жана эч качан компромисске келбеген айтылуу «фундаменталисттер» менен саясаттагы ийгиликтерге бир гана баарлашуу жана макулдашуулардын натыйжасында жетүүгө мүмкүн деп билдиришкен конформисттердин тиреши көптөгөн саясий жана коомдук кыймылдарда орун алган.

Тилекке каршы, биздин саясий илимде дагы деле болсо бул кубулуш жетишсиз, абдан аз изилденген, ушул себептен аны объективдүү түшүнүү бир кыйла татаалдашкан бойдон калып келе жатат.

**2. Диссертацияда жетишилген илимий жыйынтыктар.**

Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдерине комплекстүү изилдөөнү жүргүзүүдө төмөндөгү жоболор сунушталды:

**Тыянак 1.** Цивилизациялык теориянын контекстинде ислам фундаментализми жана диний саясий уюмдар учурдагы заманбап исламды дин катары эле мүнөздөбөстөн, аны алгачкы ислам дининин саясий жана социалдык тажрыйбасына кайтууга болгон, ислам дүйнөсүнүн диний идеологиясына кайрылып келүүгө жана Батыштын глобалдык чакырыктарына жооп кайтарууга болгон аракети катары каралды.

**Тыянак 2.** Белгилеп кетчү нерсе – идеологиянын маңызы жок болсо, адамдар белгилүү бир кырдаалдар жыйналган учурда деструктивдүү жолго түшөт. Адамдар жалган, бурмаланган жана сурогаттык баалуулуктарга жана анын ичинен ислам фундаменталисттик көз караштарга, идеяларга тартылып кетет.

**Тыянак 3.** Ислам фундаментализми –салафизм жана ваххабизм агымдары аркылуу саясий-диний идеяларды колдонгон зомбулуксуз диний үгүт-насааттан тартып, глобалдык саясий зомбулуктуу, экстремизм жана терроризм саясий курал катары колдонгон чабуулдук жихадка чейинки жайылтылган саясий-практика катары көрүүгө болот.

**Тыянак 4.** Кыргыз Республикасында терс көрүнүштөр оорун алууда: бийликтин алсыздыгы жана коррупциянын кеңири жайылышы, билим жана маданият деңгээлинин төмөндөшү. Мындай көрүнүштөр диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин жаралышына, өнүп-

өсүшүнө алып келет. Экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализмдин саясий зомбулугунун саясий куралы катары колдонулат.

**Тыянак 5.** Ислам фундаментализми Борбордук Азия регионунда диний-саясий феномен катары аймакта өтүп жаткан азыркы саясий процесстерге саясий механизмдер аркылуу таасир берүүдө.

Ислам фундментализминин саясий процесске таасир берүүдөгү саясий механизмдери: саясий – аксиологиялык, саясий – идеологиялык, саясий – укуктук.

**Тыянак 6.** Диний фундаменталимзге жөндөмдүү болгон динге ишенүүчүлөрдүн бири-бири менен байланышуусу жана мамилелери уникалдуу социалдык механизмдердин бүтүндөй бир катмарын жаратат, алар аркылуу диний ынанымдын көрүшү калыптанат. Ишендирүү (ынандыруу), акыл үйрөтүү жана тууроо сыяктуу социалдык механизмдер катары эсептелет.

Ислам фундаментализминин социалык механизмдери саясий процесске таасир берүүдө төмөнкү таасир берүү багыттарын аныктайт: уюштуруучулук, башкаруучулук, ресурстук.

**Тыянак 7.** Экстремисттик, террористтик жана радикалдуу фундаменталисттик топтордун талдоосунун негизинде ишмердүүлүктүн үч негизги жүйөөсүн белгилеп кетсе болот. Биринчиден, культурологиялык жүйөө – булардын көз караштары боюнча, коомду мезгил-мезгили менен “беймаза кылып туруш керек”, баарынан жакшысы “кан төгүүнүн жардамы менен.” Экинчиден, рационалдуу жүйөө – алар тарабынан террордук саясий ишмердүүлүктүн натыйжалуу куралы катары түшүндүрүлөт. Үчүнчүдөн, идеологиялык жүйөө– экстремизм жана терроризм саясий процесстерди жөнгө салуучу саясий курал катары коомго таңууланат.

**Тыянак 8.** Борбордук Азияда фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын, топтордун жактоочуларынын көбөйүшүнүн себептеринин аныктоо зарыл. Фундаменталисттерди ар дайым консерватизм жана бир калыптагы ой-жүгүртүү сыяктуу өзгөчөлүктөр бириктирет. Көксөөсү суубагандыкты, тынчсызданууну, түйшүктүү эркиндиктен жана жалгыздык сезимден көңүл калууну башынан өткөргөн адамдар фундаментализмге ыкташат.

**Тыянак 9.** Саясий зомбулук жана диний ишеним чырмалышкан кырдаалдар өзгөчө коркунуч туудурат. Динге негизделген терроризм, экстремизм жана радикалдуу ислам фундаментализм өзгөчө коркунучтуу жана кыргын салуучу болуп саналат. Диндин атынан чыккан терроризм жана экстремизм өзүнүн ишмердүүлүк чөйрөсү жана кол салуу объектини тандоосу менен гана эмес, ошондой эле кыргын салуучулугу жана түшүнүксүз мүнөзү менен теңдеши жок болуп эсептелет.

**Тыянак 10.** Азыркы терроризм, экстремизм жана радикалдуу фундаментализм – бул белгилүү бир өлчөмдө идеялык көрүнүш. Анткени бул көрүнүштөрдүн позицияларынын бекемдиги, исламдык саясий-укуктук концепцияларга багытталган анын теориялык базасында камтылгандыгында. Ошондуктан, идеялык-теориялык өңүт экстремизм жана терроризм менен күрөшүүнүн эң орчундуу жагынын бири болуп саналат. Терроризмге, экстремизмге жана радикалдуу диний фундаментализмге атайын кызматтардын күчү менен гана каршы турбастан, исламдык идеялык концепцияларга негизделген жүйөнүн жардамы менен да каршы туруу керек.

Ислам фундаментализми, экстремизм жана терроризм менен күрөшүү көйгөйлөрү улуттук жана эл аралык деңгээлде алардын аймактык жана глобалдуу коркунучуна каршы күрөшүү боюнча макулдашылган, көп тараптуу биргелешкен аракеттеринин зарылдыгы талап кылынат.

**3. Диссертациянын илимий практикалык маанисин ачууда изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Диссертациянын темасы жана эмгектин натыйжалары, илимий-практикалык тыянактар жана жоболор Кыргыз Республикасынын кайрадан иштелип жаткан өнүгүү стратегиясында, диний радикализмге, экстремизмге жана терроризмге каршы аракет боюнча улуттук тутумдарда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясында жана башка документтерге байланыштуу концепцияларды, программаларды, мыйзамдарды жана башка документтерди иштеп чыгууда пайдаланылуусу мүмкүн.

Республиканын саясий илиминде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөө, анда ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий жана социалдык механизмдери анализденди.

Аныкталган корутундулар жана натыйжалар ишенимдүү жыйынтыктарды белгилөөгө мүмкүнчүлүк түздү.

**Тыянак 1.** Ислам фундаментализми саясий-социалдык феномен катары, анын түшүнүгүнүн мааниси жана маңызы анализденди.

**Тыянак 2.** Ислам фундаментализми идеология жана саясий практика катары, ошондой эле анын мээлиндүү жана радикалдуу агымадары изилденди.

**Тыянак 3.** Экстремизм жана терроризм радикалдуу диний фундаментализмдин саясий зомбулугунун саясий куралы катары изилденди.

**Тыянак 4.** Ислам фундаментализминин Борбордук Азия аймагында болуп жаткан саясий процесстерге тийгизген саясий жана социалдык механизмдери изилденди.

**Тыянак 5.** Динге негизделген экстремизм, терроризм жана радикалдуу фундаментализм азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучтары катары анализденди.

**Тыянак 6.** Диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна болгон коркунучтарынын комплексинде алардын кооптулугунун өөрчүсү талдоого алынды, аларга каршы натыйжалуу күрөш жүргүзүү боюнча сунуштамалар аныкталып берилди.

**4. Сунушталган жыйынтыктардын жаңылык деңгээли.**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер саясий илимдин илимий жаңылыгы болуп эсептелет жана олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

**Тыянак 1.** Ислам фундаментализминин социалдык - саясий феномени катары анын түшүнүгүнүн мааниси, маңызы саясий аспектиде комплекстүү, тарыхый – хронологиялык тартпипте алгачкы жолу республикада изилденишин жаңылык деп баалоого болот.

**Тыянак 2.** Практика катарында диний фундаменталисттер Пайгамбар дооруна кайтууну талап кылышат жана ушул кайтуу аркылуу жаркын келечекке умтулуу керектигин сунушташат. Жогоруда көрсөтүлгөн өткөн доорго кайтуу жана келечекке умтулуу саясий зомбулуктун саясий куралдары катары экстремизм жана терроризм аркылуу иш жүзүнө ашырылат, бул изилдөөнү дагы бир жаңылык деп баалоого болот.

**Тыянак 3.** Ислам фундаментализминин агымдарын жалпы жана өзгөчө “салафизм”, “ваххабизм”, “жихадизм” аныктамалары аркылуу предметтик түшүнүктөрдүн аныкталышын, изилдөөнүн жаңылыгы катары кароого болот.

**Тыянак 4.** Фундаменталисттер иш – аракетери жогору жактан чечилгендигин, ошондуктан калк тарабынан бекитилген моралдык чечимдердин алкагынан чыгып кеткен ыкмаларды алардын гана колдонууга укугу бар экендигин билдиришет. Ошондуктан экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализм саясий зомбулуктун саясий куралы катары изилденди. Бул сыпаттоону изилденүүчү илимий иштин дагы бир жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**Тыянак 5.** Диссертация талдоого алынган ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий механизмдерин иликтөөгө алуу илимий иштин дагы бир жаңылыгы болуп саналат.

**Тыянак 6.** Талдоого алынган ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлүрөндөгү саясий процесстерге таасир берүүдөгү социалдык механизмдерин иликтөөгө алууну илимий иштин жаңылыгы катары саналат.

**Тыянак 7.** Ислам фундаменталисттик, экстремисттик жана террористтик уюмдардын, топтордун Борбордук Азия аймагындагы орду жана таасири аныкталып, алардын саясий ишмердүүлүгүнүн жигердүүлүгүнө талдоо жүргүзүлдү.

**Тыянак 8.** Диний фундаментализмдин субъектеринин өзгөчөлүктөрүнүн жана алардын фундаменталисттик саясий-диний көз караштарынын, мүнөздөрүнүн калыптанышы изилденди.

**Тыянак 9.** Динге негизделген ислам фундаментализми, эктремизм жан терроризм азыркы дүйнөнүн өзгөчө коркунучу катары болгондуктан автордун бир катар практикалык сунуштарды берүүсү илимий иштин практикалык маанисин көтөрөт деп эсептөөгө болот.

**Тыянак 10.** Экстремизм жана терроризм менен күрөшүүнүн мамлекеттик каражаттар арсеналына исламдын позитивдүү идеялык күч-кубатын киргизбей туруп, фундаменталисттердин таасирин биротоло жок кылууга мүмкүн эмес. Автордун бул эмгеги илимий материалдарга негизделген ынамдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлдн даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот.

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттарда чагылдырылган. Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

Эгемендүү Кыргызстанда ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүдөгү социалдык – саясий механизмдерин ар тараптана иликтөөнү саясий аспектиде комплекстүү, системалык тартипте алгачкы жолу издениши автордун **жекече салымынын** далили боло алат.

**5. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын саясий илимине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Изилдөөдө өлкөлөрдүн региондорундагы саясий процесстерге таасир берүүчү социалдык – саясий механизмдердин теориялык негиздери, түшүнүктөрү, маңызы, ролу жана таасири жөнүндөгү ой – пикирлер жана иш тажрыйбасынан келип чыккан жыйынтыктар саясий илимдер үчүн, социология, философия, тарых жана башка коомдук илимдер үчүн теориялык мааниси бар.

Диссертацияда ислам фундаментализминин Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саясий процесстерге таасир берүүдөгү социалдык – саясий механизмдери жөнүндөгү саясий фактологиялык материалдар болочок илимий изилдөөлөрдө, жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептрин, окуу – усулдук колдонмолорун даярдоодо, окутууда жана тарбиялоодо колдоунулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөдөгү диний экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы күрөшүүнүн жана алдын ала эскертүү иштеринде кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн көрүнүп турат. Аталган максаттарды ишке ашыруу үчүн мамлекеттик жана эл аралык саясий институттар тарабынан илимий-практикалык сунуштамаларды иштеп чыгууда жүргүзүлгөн изилдөөнүн тыянактарын кеңири колдонууга болот.

**6. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгү жана ынанымдуулук деңгээли.**

Ааламдашуу процессинде түзүлгөн заманбап коомдун өктөм муктаждыгы экстремизмди, терроризмди жана радикалдуу ислам фундаментализмди зомбулуктуу социалдык-саясий өзгөрүүлөрдүн ыкмасына айлантуу менен, алардын пайда болуусуна күчтүү таасир бергендигин жана жигердендиргендигин илимий жактан жана ар тараптан ынанымдуу аныктоого жетишкендиги менен аныкталат.

Турмуштун, жеке инсандын жана коомдун жүрүм-турумун катуу тартипке салган мыйзамдардын жыйындысы болгон шарият – бир гана исламда бар. Ислам фундаменталисттери абсолюттук чындыкка ээлик кылууга умтулат. Алардын иш-аракеттери жогору жактан чечилгендигин, ошондуктан калк тарабынан бекитилген моралдык ченемдердин алкагынан чыгып кеткен ыкмаларды алардын гана колдонууга укугу бар экендигин билдиришкен айрым саясий күчтөрдүн дымактарын ушул диний-саясий негиздөөлөр багыттайт жана күчөтөт.

Ааламдашкан процесстердин таасири астында дүйнө жүзүндө радикалдуу диний фундаментализм, экстремизм жана терроризм жаралат жана калыптанат, алардын капшабынан, бүлүндүрүүчү таасиринен бир дагы мамлекет четте калбайт. Ошону менен бирге эле, экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализминин саясий зомбулугунун саясий куралы катары чыгат.

Фундаментализм азыркы учурдагы оор жашоо шартында көйгөйлөрдү чечүүнүн жөнөкөй, оңой ишке ашуучу жана альтернативасыз жолдорун адамдарга сунуштап ишендире алган саясий кыймылдардын жөндөмдүүлүгүнө негизденет. Фундаментализм – бул ой жүгүртүү ыкмасы, ал аркылуу тийиштүү принциптер акыйкаттыктын олуттуу элементтери катары кабыл алынат, жана

булардын мазмунуна карабастан өзгөрүлгүс жана төгүндөлгүс кадыр-баркка ээ болушат.

Ислам фундаментализми Борбордук Азиядагы болуп жаткан саясий процесстерге таасир көрсөткөн саясий жана социалдык механизмдерине иликтөө жүргүзүлдү. Ушул механизмдердин саясий процесске көрсөткөн таасирин иликтөөдө ислам фундаментализминин саясий идеяларынын мээлиндүү жана радикалдуу агымдары аныкталды.

Ислам фундаментализми, экстремизм жана терроризм менен күрөшүү көйгөйлөрү улуттук жана эл аралык деңгээлде алардын аймактык жана глобалдуу коркунучуна каршы күрөшүү боюнча макулдашылган, көп тараптуу биргелешкен аракеттеринин зарылдыгы талап кылынат.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыяланышы. (публиканцияланган макалалардын тизмеси)**

Диссертациялык изилдөөнүн айрым баптары, бөлүктөрү, тыянактары жана сунуштамалары Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы сунуштаган кыргыз жана чет чет элдик илимий басылмаларга 2 (эки) монография түрүндө жана 25 илимий макалада, анын ичинде 9 (тогуз) макала – чет өлкөдө (Россия) чагылдырылды.

**8. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттарда чагылдырылган. Авторефераттар толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө каалоолор:**

- айрым учурларда сүйлөмдөрдө негизги сөздөрдүн өзгөрүп же башка мааниге өтүп кеткендигине байланыштуу сөз мааниси так көрсөтүлбөй калган;
- ааламдашуу процессинде экстремизмдин, терроризмдин жана ислам радикалдуу фундаментализминин өзгөчөлүктөрүнүн кенен көрсөтүлбөгөндүгү;
- диссертациялык иште грамматикалык, орфографиялык жана стилистикалык катачылыктар кездешкендиктен, аларды ондоп-туздөп чыгуу зарыл;
- диссертациянын айрым бөлүмдөрүнүн көлөмдөрү бирдей болбогондугу.

Көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн илимий теориялык жана практикалык деңгээлин төмөндөтпөйт.

**10. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына туура келиши.**

Сунуш кылынган Мамытов Токтокучук Болотбековичтин доктордук диссертациясы Диссертациялык кеңештин профилдик багытына туура келет.

Иште 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611диссертациялык кеңешинин талабына жооп берет.

Ислам фундаментализминин Борбор Азия аймагында өтүп жаткан саясий процесстерге көрсөткөн таасиринин социалдык жана саясий механизмдерин изилдөөдө колдонулган көлөмдүү илимий, нормативдик-укуктук адабияттар жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтары аныкталган изилдөө натыйжаларынын түзүлүшүндө, диссертациялык иштин корутундусунда белгилеген жоболордун, тыянактардын ишенимдүүлүгүн шарттайт.

Изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий жана системалык–структуралык принциптер түзүп, салыштырмалуулук, анализ – синтез, эмпирикалык андоо, саясий анализ жана институционалдык ыкмалары колдонулган.

Көрсөтүлгөндөрдүн негизинде изденүүчү Мамытов Т.Б. саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражага татыктуу.

**Экинчи расмий оппонент**
**саясий илимдеринин доктору** **Кангельдиев А.Н.**

Подпись заверяю
Начальник
Управления кадров
ГОУВПО КРСУ
Васильева И.М.